**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар**
**Кеңешинин отурумунун**
**№2 ПРОТОКОЛУ**

**2021-жылдын 29-октябры** **Ош шаары**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** Айтикеев Т.К.
**Мүчөлөрү:** Үсөн уулу М., Алымбекова В.А., Абдыкаарова Т., Каримов К.Ж.ж.б. окутуучулар.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Окутуунун түрдүү формаларында электрондук билим берүүнүн уюштурулушу: абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары. Факультетте окутулуп жаткан үч багыт боюнча билим берүү процессиндеги билимдердин сапатын жогорулатууга багытталган маселелерди талкулоо жана бекитүү.
2. 2021-2022-окуу жылына кабыл алуунун жыйынтыгы, жаңы окуу жылына кесипке багытберүүчү иш-чаралардын перспективалары.
3. Практикаларды уюштуруунун абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары.
4. Артүрдүүмаселелер.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин курамын тактап, анын ичинен Абдыкулов М.О., Бакиров М.Т себептүү келбегендиктерин айтып,Окумуштуулар Кеңешин баштоону добушка койду.
Макул – 13;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Окумуштуулар кеңешин баштоо бир добуш менен жактырылды.

1. **Окутуунун түрдүү формаларында электрондук билим берүүнүн уюштурулушу: абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары. Факультетте окутулуп жаткан үч багыт боюнча билим берүү процессиндеги билимдердин сапатын жогорулатууга багытталган маселелерди талкулоо жана бекитүү.**

"Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын башчысынын м.а. Абдыкулов М.О.орчундуу себеп менен келбегендигине байланыштуу, декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары Үсөн уулу Маматаир окутуунун түрдүү формаларында электрондук билим берүүнүн уюштурулушу: абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары жөнүндө баяндама жасады. Мында окутуунун түрдүү формаларында электрондук билим берүүнүн уюштурулушунун абалы жана андагы көйгөйлөргө токтолуп өттү. Ошондой эле онлайн сабактар буга чейин ар кандай сайттар ZOOM тиркемеси, телеграмм, ватсап ж.б байланыш жолдор аркылуу үзгүлтүксүз өтүлгөндүгүн жана мугалимдердин AVN тиркемесине жумушчу пландарын, силлабустарын киргизишкенин да толуктап өттү. Мындан сырткары факультетте окутулуп жаткан үч багыт боюнча билим берүү процессиндеги билимдердин сапатын жогорулатууга багытталган маселелер талкууланды.

Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасы баяндаманы канааттандыраарлык деп табууну добушка койду.
Макул – 13;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Бир добуш менен баяндама канааттандыраарлык деп табылды.

2. **2021-2022-окуу жылына кабыл алуунун жыйынтыгы, жаңы окуу жылына кесипке багыт берүүчү иш-чаралардын перспективалары.**

“Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын окутуучусу Шамшиев Н.А. 2021-2022-окуу жылына кабыл алуунун жыйынтыгы, жаңы окуу жылына кесипке багыт берүүчү иш-чаралардын перспективалары боюнча баяндама берди. Баяндамада Шамшиев Нурбек 2020-2021-окуу жылына кабыл алуунун жана кесипке багытберүүчү иш-чаралардын кандай жүргүзүлгөндүгүн кеңири айтып өттү. Ошондой эле Ош, Баткен жана Жалал-Абад облустарына караштуу 75 мектепте кесипке багыт берүүчү иш-чаралардын өткөндүгүн тастыктады. Андан сырткары 2021-2022-окуу жылына каратакесипке багыт берүүчү иш-чаралар менен тааныштырды. Жасалган иш-аракеттер Окумуштуулар кеңешинде талкууга алынды.

Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасы баяндаманы канааттандырарлык деп табууну добушка койду.

Макул – 13;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды.

3. **Практикаларды уюштуруунун абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары.**

“Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын окутуучусу Пазылов Т.С. Практикаларды уюштуруунун абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары боюнча баяндама жасады. Мында 2021-2022-окуу жылында өтүүчү: окуу, өндүрүштүк жана профилдик практикалардын качан жана кайда өткөрүлөөрү, канча убакытка чейин болоору жөнүндө маалымат берип, практика жетекчилеринин милдеттери жөнүндө, практиканын графиги жана практикалардын түрлөрү боюнча даярдалган күндөлүк боюнча да тааныштырып өттү. Бул маселелер Окумуштуулар Кеңешинин курамы тарабынан талкууга алынды.

Андан соң төрага Айтикеев Т.К. баяндаманы канааттандырарлык деп табууну жана даярдалган күндөлүктөрдү бекитүүнү добушка койду.

Макул – 13;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды жана даярдалган күндөлүктөр бекитилди.

4. **Ар түрдүү маселелер:**

1. Кыргыз-Кытай факультетинин деканы Айтикеев Т.К. 2021-2022-окуу жылынын бүтүрүүчү курстарынын практикаларынын толук көзөмөлдөнүүсүн белгилеп кетти.

2. Ар бир предметтик мугалимдерди тайпалык журналдарды толугу менен жана убагында толтуруусун айтып өттү.

3. Магистратура бөлүмүнүн жетекчиси, “Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын улук окутуучусу Алымбекова В.А., Магистратура бөлүмүнүн “Кытай таануу” багыты боюнча элективдүү дисциплиналардын каталогу түзүлгөндүгүн айтып аны карап, талкуулап андан соң окумуштуулар кеңешинин жалпы курамына бекитүүнү сунуштады.

   Макул – 13;
   Каршы – жок;
   Калыс – жок.

   Сунуш бир добуш менен кабыл алынды.

Үч маселе боюнча тең ОКнин жалпы курамы төраганы бир добуштан толук колдошту.